**"Китепкана иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 79-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. "Китепкана иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору жактырылсын.

2. Аталган мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жиберилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министри ушул мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде каралганда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий өкүлү болуп дайындалсын.

**Премьер-министр** **Т.А. Сариев**

Долбоор

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ**

"Китепкана иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу

1-берене.

"Китепкана иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ("Эркин Тоо" гезити, 1998-жыл 25-ноябрь, № 185-186) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

1. Преамбуласы күчүн жоготту деп таанылсын.

2. 1-беренеси төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1-берене. Ушул Мыйзамды жөнгө салуу предмети

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасында китепкана ишин сактап калуунун жана өнүктүрүүнүн укуктук базасы болуп саналат жана адамдын, коомдук бирикмелердин, элдердин жана этностук жалпылыктардын маалыматка эркин ээ болуу, рухий эркин өнүгүү, улуттук жана дүйнөлүк маданияттын баалуулуктарына аралашуу, ошондой эле маданий, илимий жана билим берүү иштерине эркин жетишүү укугуна кепилдик берүүчү китепкана ишинин принциптерин белгилейт.

Ушул Мыйзам эл аралык укуктун принциптерине жана ченемдерине ылайык китепкана ишин уюштуруунун жалпы маселелерин, китепкана иши жаатында мамлекеттин, жарандардын, ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын ортосундагы өз ара мамилелерди жөнгө салат.".

3. Төмөнкү мазмундагы 1-1-берене менен толукталсын:

"1-1-берене. Негизги түшүнүктөр

Ушул Мыйзамда төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

китепкана - бул басма жана кол жазма документтеринин уюштурулган фондусу, ошондой эле графикалык, аудиовизуалдык материалдары, электрондук алып жүрүүчүлөрдөгү

документтери бар жана аларды жеке жана юридикалык жактарга убактылуу пайдаланууга берүүчү мекеме;

китепкана фонду - калкты китепканалык тейлөө максатында эсепке алууга, комплектөөгө, сактоого жана колдонууга тийиш болгон, уюштуруучулук жана функционалдык жактан өз ара байланышкан, ар кандай багыттагы жана статустагы документтердин тартипке келтирилген жыйындысы;

китепкана иши - маалыматтык, маданий-агартуучулук жана билим берүү иштеринин тармагы, анын милдеттерине китепкана тармактарын түзүү жана өнүктүрүү, алардын фонддорун түзүү жана иштетүү, китепканалардын пайдалануучуларын китепканалык, маалыматтык жана маалымдама-библиографиялык тейлөөнү уюштуруу, китепканаларды өнүктүрүүнү илимий жана методикалык камсыздоо кирет;

документ - сактоо жана коомдук пайдалануу максатында текст, үн жазуу же сүрөттөө түрүндө маалымат түшүрүлгөн, убакыт жана мейкиндикте берүүгө багытталган материалдык объект;

жалпы пайдалануудагы китепкана - жашына, жынысына, улутуна, тилине, билимине, тегине, мүлктүк жана кызматтык абалына, динге болгон мамилесине, ишенимине, коомдук бирикмелерге таандык экендигине карабастан жеке жактарга, ошондой эле уюштуруу-укуктук формасына жана менчигинин түрүнө карабастан юридикалык жактарга анын кызматтарынан, өздүк жана башка маалыматтык ресурстардан пайдалануу мүмкүндүгүн берүүчү китепкана;

китепканадан пайдалануучу - китепкана кызматын пайдалануучу жеке же юридикалык жак;

электрондук китепкана - электрондук документтердин ар кандай коллекцияларынын сакталышын жана натыйжалуу колдонулушун камсыз кылуучу, системанын өзүндө жайгашкан жана телекоммуникациялык тармактар аркылуу жеткиликтүү болгон маалыматтык система;

электрондук документ - маалымат электрондук-санариптик формада берилген документ.".

4. 2-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2-берене. Китепкана иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары

Китепкана иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары "Маданият жөнүндө", "Документтердин милдеттүү нускасы жөнүндө", "Маалыматташтыруу жөнүндө", "Тарыхый-маданий мурасты пайдалануу жана коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ошондой эле ушул Мыйзамды жана ага ылайык кабыл алынган китепкана иши жаатындагы Кыргыз Республикасынын ченемдик укук актыларын камтыйт.".

5. 4-берененин он биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"чет өлкөлүк юридикалык жана жеке жактар, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болгон, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык эл аралык уюмдар тарабынан уюштурулган китепканалар.".

6. 7-берене:

- төмөнкүдөй мазмундагы онунчу абзац менен толукталсын:

"Интернетке кирүүгө мүмкүнчүлүк алуу;";

- төмөнкүдөй мазмундагы он экинчи жана он үчүнчү абзацтар менен толукталсын:

"Китепкана мекемелери тарабынан 16 жашка чейинки жашы жете электерге көрсөтүлүүчү негизги кызматтар алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн кимдигин күбөлөндүргөн документ болгондо ишке ашырылат.

Кыргыз Республикасынын китепканаларында пайдалануучулар мамлекеттик жана расмий тилдерде тейленүүгө жана китепкана фондунда болгон документтерди алууга укуктуу.".

7. 8-беренеде:

- биринчи абзацы "документтерди" деген сөздөн кийин "бар болсо" деген сөздөр менен толукталсын;

- экинчи абзацы "пайдалануудагы китепканалардан" деген сөздөрдөн кийин "бар болсо" деген сөздөр менен толукталсын.

8. 12-берене төмөнкүдөй мазмундагы бешинчи абзац менен толукталсын:

"Аудиовизуалдык чыгармалар жана санариптик формада берилген чыгармалардын башка нускалары китепкана жайларында гана, мындай чыгармалардын санариптик формада көчүрмөсүн түзүү мүмкүндүгү болбогон шартта убактылуу колдонууга берилет.".

9. 4-бөлүмдүн аталышы "мамлекеттин" деген сөздөн кийин "жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын" деген сөздөр менен толукталсын.".

10. 14-берене төмөнкү мазмундагы жетинчи абзац менен толукталсын:

"Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары китепкана ишинде заманбап маалыматтык жана телекоммуникациялык инфратүзүмдү камсыз кылат жана бардык баскычтагы китепканаларда телекоммуникациялык технологиялардын жогорку деңгээлин камсыздоо үчүн аларга бирдей мүмкүнчүлүктөрдү беришет.".

11. 15-берене төмөнкүдөй мазмундагы он биринчи абзац менен толукталсын:

"китепкана ишин өнүктүрүүнүн региондук жана жергиликтүү программаларын ишке ашыруу.".

12. 17-берене төмөнкүдөй мазмундагы экинчи жана үчүнчү абзацтар менен толукталсын:

"Китеп эстеликтери - өтө жогорку рухий, материалдык баалуулуктагы, аларга карата эсепке алуунун, сактоонун жана колдонуунун өзгөчө режими белгиленген тарыхый, илимий, маданий өзгөчө маанидеги кол жазма китептер же басылмалар.

Китеп эстеликтери улуттук китепкана фондунун өзгөчө баалуу бөлүгү болуп саналат, китеп эстеликтеринин реестринде катталууга тийиш. Китеп эстелигине документтерди киргизүүнүн тартиби, китеп эстеликтеринин реестринде китеп эстеликтерин каттоо жана китеп эстеликтеринин реестрин жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.".

13. 19-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"19-берене. Китепканалык тейлөөлөрдү координациялоону жана кооперациялоону камсыздоого мамлекеттин катышуусу

Китепканадан пайдалануучулардын маалыматка болгон керектөөлөрүн кыйла толук канааттандыруу, китепкана фонддорун туура пайдалануу үчүн мамлекет алардын ресурстарын өз ара пайдаланууга түрткү берет. Бул максатта аткаруу бийлик органдары мамлекеттик, анын ичинде борбордук китепкананын функциясын аткаруучу китепканалардын китепканалык тейлөөлөрүн координациялоону жана кооперацияны камсыз кылууда алардын ресурстарын (китепканалар аралык абонементти, жыйынды каталогдорду, маалыматтардын автоматташтырылган базасын, депозитарийлерди) өз ара пайдалануу үчүн шарттарды түзүү боюнча ишин каржылайт.

Мамлекеттик маалыматтык ресурстарды сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылуу үчүн китепканалар илимий-техникалык маалыматтар мекемелери, архивдер, ар кандай деңгээлдеги маалыматтык базасы бар башка ишканалар жана уюмдар менен өз ара аракеттенишет. Алардын өз ара аракеттенүү тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Китепканалардын ишин координациялоо максатында Ведомстволор аралык китепканалык кеңеш түзүлөт, ал китепканаларды өнүктүрүүнүн стратегиясы, китепканалык

улуттук программа, китепканалардын ишин координациялоо, китепкана ишинин эң маанилүү маселелери менен иштөөгө тартылган эксперттик жана консультациялык орган болуп саналат.

Ведомстволор аралык китепканалык кеңештин иши Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте ишке ашырылат.

14. 20-беренеде:

- биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Китепкана пайдалануучуларына документтердин универсалдуу жыйнактарын түзүүнү, сактоону жана берүүнү жүргүзгөн, китепкана ресурстарын өз ара пайдаланууну уюштурууну ишке ашырган жана башка китепканаларга методикалык жардамдарды көрсөткөн китепканаларга (облустук, шаардык, райондук) "Борбордук" статусу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте ыйгарылат.";

- төмөнкүдөй редакциядагы экинчи абзац менен толукталсын:

"Борбордук китепкананын функцияларын төмөнкүлөр аткарышат:";

- сегизинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

- төмөнкүдөй мазмундагы тогузунчу абзац менен толукталсын:

"Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары борбордук китепканалардын жетекчилигинде турган региондордун борборлоштурулган китепкана системасынын курамына кирген, баштапкы звено - айылдык жана шаардык китепканалардан - филиалдардан турган, өз кезегинде ушул региондордун облустун китепканалары менен бириккен, жалпы пайдалануудагы китепканалардын бирдиктүү тармагын сактап калууну камсыздашат.".

15. 23-берене:

- төмөнкүдөй мазмундагы алтынчы абзац менен толукталсын:

"Китепканаларды, алардын иштөө шарттарын начарлата турган имараттарга которууга тыюу салынат. Китепкана жайгашкан имарат башка уюмдарга өткөрүп берилген учурда, мамлекеттик бийлик органдары китепкананын имаратына тең келген имарат менен камсыз кылууга милдеттүү жана китепкана фондун жана китепкананын жабдууларын көчүрүүнү каржылоону камсыз кылышат.";

- төмөнкүдөй мазмундагы сегизинчи жана тогузунчу абзацтар менен толукталсын:

"Айыл жеринде жайгашкан китепкананы кайрадан түзүү же жоюу жөнүндө чечимдер, ушул аймактын жашоочуларынын пикирин жана тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу боюнча атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын пикирин эске алуу менен гана кабыл алынат.

Айыл жеринде жайгашкан китепкана жоюлган учурда, жоюучу комиссиянын курамына жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрү жана тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу боюнча атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын өкүлдөрү кирет.".

16. 24-берене төмөнкүдөй мазмундагы төртүнчү абзац менен толукталсын:

"Китепканалардын материалдык-техникалык камсыздалышын начарлатууга, эмгекти коргоо талаптарына, маалыматтык-китепкана фонддорун сактоо ченемдерине жана шарттарына туура келбеген жайларга которууга жол берилбейт.".

17. Мыйзамдын мамлекеттик тилдеги бардык тексти боюнча "статья" деген сөз "берене" деген сөз менен алмаштырылсын.

2-берене.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү алты айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

3-берене.

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**

**Президенти**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

## ТОКТОМ

2016-жылдын 7-майы № 233

**"Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгына байланыштуу Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 79-беренесине ылайык, айрым мыйзам актыларды "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына шайкеш келтирүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгына байланыштуу Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору жактырылсын.

2. Аталган мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жиберилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министри аталган мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде каралганда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий өкүлү болуп дайындалсын.

**Премьер-министри** **С.Жээнбеков**

Долбоор

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

## "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгына байланыштуу Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

**1-берене.**

"Маданият жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 4, 341-бер.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

9-берененин 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Чыгармачыл иштин жыйынтыктарын тыюу салынгандардын эсебине киргизүү жөнүндөгү чечимге "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте даттанууга болот.".

**2-берене.**

"Китепкана иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Эркин Тоо гезити, 1998-жылдын 25-ноябры, № 185-186) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 15-статьянын 4-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Китепканалардын жана аны пайдалануучулардын мыйзамдуу укуктарын кемсинткен аталган органдардын чечимдерине, ошондой эле алардын кызмат адамдарынын аракеттерине же аракетсиздигине "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте даттанууга болот.";

- 22-статьянын 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Каттоодон баш тартууга "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте даттанууга болот.";

- 23-беренин 6-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Мамлекеттик китепканаларды жоюу тууралуу бейукук чечимге жеке жана юридикалык жактар, коомдук бирикмелер же көзөмөлчү (окурмандар) кеңеш "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте даттанууга укуктуу.".

**3-берене.**

"Тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., № 1, 16-бер.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

төмөнкүдөй мазмундагы 11-1-статья менен толукталсын:

"11-1-статья. Даттануу укугу

Жеке жана юридикалык жактардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын козгоочу иш жүзүндөгү кесепеттерге алып келген мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимине, аракеттерине же аракетсиздигине "Административдик иштин негиздери жана

административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте даттанууга болот.".

**4-берене.**

"Маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиги жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Эркин Тоо гезити, 1997-жылдын 19-декабры, № 112-113) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

12-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"12-статья. Даттануу укугу

Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомдук бирикмелердин, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана кызмат адамдарынын жеке жана юридикалык жактардын маалымат алуу укугун кемсинткен аракеттерине же аракетсиздигине "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте даттанууга болот.".

**5-берене.**

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2006-ж., № 11, 981-бер.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

35-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"35-статья. Маалымат берүүдөн баш тартууга даттануу

Маалымат берүүдөн баш тартууга, ошондой эле ушул Мыйзамдын талаптарын бузган мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын башка аракеттери же аракетсиздиги жана чечимдери маалыматты сураган жеке жана юридикалык жактын тандоосу боюнча "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте даттанылышы мүмкүн.".

**6-берене.**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти**

амый полный календарь праздников в Кыргызстане

се праздничные дни, профессиональные праздники и памятные даты Кыргызской Республики в 2018 году

**Інварь 2018**

**января (нерабочий день) – Государственный праздник - Новый год**

**января (нерабочий день) – Государственный праздник - Рождество Христово**

1 января – День инженерных войск Вооруженных Сил Кыргызской Республики

**›евраль 2018**

5 февраля – День памяти воинов-интернационалистов

9 февраля – День сотрудника финансовой полиции Кыргызской Республики

2 февраля – День работника землеустройства, регистрации прав на недвижимое имущество, геодезии и эртографии Кыргызской Республики

**3 февраля (нерабочий день) – Государственный праздник - День защитника Отечества**

**Іарт 2018**

марта – День государственного флага Кыргызской Республики

марта – День работника судебной системы Кыргызской Республики

марта – День Ак калпака

**марта (нерабочий день) – Государственный праздник - Международный Женский День**

7 марта – День памяти жертв Аксыйской трагедии

8 марта (третье воскресенье марта) – День работников жилищно-коммунального хозяйства Кыргызской 'еспублики

**1 марта (нерабочий день) – Государственный праздник - Нооруз**

3 марта – День оценщика Кыргызской Республики

**.прель 2018**

апреля – День бухгалтеров и аудиторов Кыргызской Республики

апреля (первое воскресенье апреля) – День геолога Кыргызской Республики

апреля – День физкультурника и профессиональных работников физической культуры и спорта ыргызской Республики

**апреля – Государственный праздник - День народной Апрельской революции**

апреля – День сотрудника органа Кыргызской Республики по контролю наркотиков

3 апреля – День книги Кыргызской Республики

6 апреля – День интеллектуальной собственности Кыргызской Республики

9 апреля – День города Бишкек

8 апреля (последняя суббота апреля) – День работников ветеринарной службы Кыргызской Республики

9 апреля (последнее воскресенье апреля) – День работника статистики Кыргызской Республики

**Іай 2018**

**мая (нерабочий день) – Государственный праздник - День труда**

**мая (нерабочий день) – Государственный праздник - День Конституции Кыргызской Республики**

мая – День работников связи Кыргызской Республики

**мая (нерабочий день) – Государственный праздник - День Победы**

) мая – День банковского работника Кыргызской Республики

3 мая – День музеев Кыргызской Республики

) мая (третье воскресенье мая) – День матери в Кыргызской Республике

7 мая – День библиотек Кыргызской Республики
8 мая – День пограничника Кыргызской Республики
9 мая – День Вооруженных Сил Кыргызской Республики

**юнь 2018**

июня – Международный день защиты детей в Кыргызской Республике
июня – День парламентаризма
июня – День охраны окружающей среды Кыргызской Республики
июня (первое воскресенье июня) – День работников рыбного хозяйства Кыргызской Республики
июня – День финансовых и экономических работников Кыргызской Республики
0 июня (второе воскресенье июня) – День работника легкой промышленности Кыргызской Республики
5 июня – День работника противопожарной службы Кыргызской Республики
**5 июня (нерабочий день) - Государственный праздник - Орозо Айт-2018**

8 июня – День сельских женщин Кыргызской Республики
7 июня (третье воскресенье июня) – День работников водного хозяйства Кыргызской Республики
3 июня – День работников государственной и муниципальной службы Кыргызской Республики
4 июня (последнее воскресенье июня) – День юриста Кыргызской Республики
6 июня – День работников службы миграции и занятости Кыргызской Республики

**юль 2018**

июля – День работника спасательной службы Кыргызской Республики
июля – День налогового работника Кыргызской Республики
июля (первое воскресенье июля) – День медицинского работника Кыргызской Республики
июля – День работников Государственной автомобильной инспекции (ГАИ) Кыргызской Республики
июля — День инспекций по делам несовершеннолетних органов внутренних дел Кыргызской Республики
6 июля – День работников гидрометеорологической службы Кыргызской Республики
5 июля (третье воскресенье июля) – День работников сферы обслуживания Кыргызской Республики
5 июля (третье воскресенье июля) – День металлурга Кыргызской Республики
0 июля – День Национальной гвардии Кыргызской Республики

**вгуст 2018**

августа – День Тыла Вооруженных Сил Кыргызской Республики
августа – День воздушно-десантных войск (ВДВ)
августа (первое воскресенье августа) – День железнодорожника Кыргызской Республики
2 августа – День сотрудника уголовно-исполнительной (пенитенциарной) системы Кыргызской Республики
2 августа (второе воскресенье августа) – День строителя Кыргызской Республики
8 августа – День военной авиации Кыргызской Республики
**1 августа (нерабочий день) - Государственный праздник - Курман Айт-2018**
4 августа – День внутренних войск МВД Кыргызской Республики
6 августа (последнее воскресенье августа) – День работника угольной промышленности Кыргызской еспублики
) августа – День архивиста Кыргызской Республики

**1 августа (нерабочий день) – Государственный праздник - День Независимости Кыргызской еспублики**

**ентябрь 2018**

сентября – День знаний. Начало нового учебного года

сентября (первое воскресенье сентября) – День работников нефтяной и газовой промышленности ыргызской Республики

сентября – День работников торговли Кыргызской Республики

сентября (второе воскресенье сентября) – День танкистов в Кыргызстане

6 сентября – День работников службы государственной охраны Кыргызской Республики

7 сентября (третье воскресенье сентября) – День работника леса Кыргызской Республики

0 сентября – День предпринимателя Кыргызской Республики

3 сентября – День государственного языка Кыргызской Республики

4 сентября – День семьи в Кыргызстане

0 сентября (последнее воскресенье сентября) – День донора крови Кыргызской Республики

0 сентября (последнее воскресенье сентября) – День машиностроителя Кыргызской Республики

**ктябрь 2018**

октября – Международный день пожилых людей в Кыргызской Республике

октября – День работника образования Кыргызской Республики

октября – День города Ош

октября – День работников уголовного розыска Кыргызской Республики

октября – День снижения риска бедствий в Кыргызской Республике

октября – День гражданской авиации Кыргызской Республики

4 октября (второе воскресенье октября) – День работников народных художественных промыслов ыргызской Республики

9 октября – День работников социальной защиты и профсоюзов Кыргызской Республики

0 октября – День войск связи Вооруженных Сил Кыргызской Республики

4 октября – День работников дипломатической службы Кыргызской Республики

4 октября – День работников стандартизации и метрологии Кыргызской Республики

6 октября – День памяти воинов, погибших во время баткенских событий 1999-2000 годов

9 октября – День работников охраны Кыргызской Республики

8 октября (последнее воскресенье октября) – День работников автомобильного транспорта и дорожного озяйства Кыргызской Республики

8 октября (последнее воскресенье октября) – День местных сообществ Кыргызской Республики

**оябрь 2018**

ноября – День работника милиции Кыргызской Республики

ноября – День работника культуры Кыргызской Республики

**и 8 ноября (нерабочие дни) - Государственные праздники – Дни истории и памяти предков**

ноября – День информации и печати Кыргызской Республики

0 ноября – День молодежи Кыргызской Республики

0 ноября – День науки Кыргызской Республики

3 ноября – День войск радиационной, химической и биологической защиты Кыргызской Республики
5 ноября – День работников сельского хозяйства, пищевой и перерабатывающей промышленности ыргызской Республики
7 ноября – День кыргызского кино. День кинематографистов Кыргызской Республики
9 ноября – День артиллерии Кыргызской Республики
2 ноября – День работника органов прокуратуры Кыргызской Республики
5 ноября (последнее воскресенье ноября) – День работника Оборонной спортивно-технической рганизации Кыргызской Республики

**екабрь 2018**

декабря – Международный день инвалидов в Кыргызской Республике
декабря – День эпоса "Манас" в Кыргызской Республике
декабря – День работников телевидения и радио Кыргызской Республики
декабря – Международный день борьбы с коррупцией в Кыргызской Республике
0 декабря – День защиты прав человека в Кыргызской Республике
2 декабря – День национальной литературы Кыргызской Республики
8 декабря – День работников страхового рынка Кыргызской Республик
0 декабря – День работника органов национальной безопасности Кыргызской Республики
2 декабря – День энергетика Кыргызской Республики
7 декабря – День сотрудника паспортно-визового контроля МВД Кыргызской Республики
1 декабря – День работников таможенной службы Кыргызской Республики

**Мектеп китепканасынын иш кагаздары**
**(мектеп китепканасынын ишмердүүлүгү боюнча төмөнкү иш кагаздар мектеп китепканасында болуусу зарыл)**

1. Жалпы билим берүү мекемесинин китепкана жөнүндөгү Жобосу (Директор тарабынан бекитилет)
2. Жалпы билим берүү мекемесинин китепкананы колдонуу эрежелери.(Директор тарабынан бекитилет)
3. Китепканачынын кызматтык милдеттери .
(Директор тарабынан бекитилет)
4. Китепкананы жылдык иш планы. (Мектептин иш планын бир бөлүгү болуп эсептелет, директор тарабынан бекитилет)
Андан сырткары жылдык иш пландын негизинде айлык пландар түзүлөт. 5. Мектеп китепканасынын эсеп-кысап күндөлүгү (3 жыл сакталат)
6. Суммардык китепче (Дайыма сакталат)
7. Инвентардык китепче (Дайыма сакталат)
8. Окуу китептеринин картотекасы (Дайыма сакталат)
9. Окуу китептеринин картотекасынын карточкаларын каттоо журналы (Дайыма сакталат)
10. Инвентардык китепчеге киргизилбеген басылмалардын эсебин алуу журналы (брошюра)
11. Жоголгон китептердин ордуна алынган китептерди каттоо дептери
12. Мезгилдүү басылмаларды каттоо картотекасы
13.Маалыматтарды салттык эмес алып жүрүүчүлөрдү каттоо журналы (диск, флешка, аудио-видеокассеталар ж.б.)
14. Китептердин эсепке алуу журналы
15. Фондго келип түшкөн китептердин накладнойлору (копиялары)
16. Адабияттарды чыгашалаган актылар
17. Фондду тууралуу актылар Акты о переоценке фондов
18. Фондду текшерүү актылары
19. Фондго келген китептердин актылары (накладнойлору менен бирге сакталат)
20. Ийримдердин иш планы жана өтүү графиги
21. Китепкананын иши тууралу отчёт

**Эскертүү:**
**Китепканада милдеттүү түрдө төмөнкүлөр болуусу зарыл:**